6. http://kabar.kg/news/v-kyrgyzstane-vnedriaetsia-programma-umnaia-shkola-chto-eto-dast/.

УДК: 377.018.42

**Асанова М.С.**
Ош мамлекеттик университети
**Асанова М.С.**
Ошский государственный университет
**Asanova M.**
Osh state university

# МУГАЛИМДЕРДИ ЗАМАНБАП БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНДЕ САНАРИПТИК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ ПАЙДАЛАНУУГА ДАЯРДОО
# ПОДГОТОВКА УЧИТЕЛЕЙ К ИСПОЛЬЗОВАНИЮ ЦИФРОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В СОВРЕМЕННОМ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ
# THE PREPARATION OF TEACHERS FOR THE USE OF DIGITAL TECHNOLOGIES IN TODAY'S EDUCATIONAL PROCESS

**Аннотация:** Бүгүнкү күндө маалымат технологиялары күнүмдүк жашообуздун маанилүү бөлүгү болуп, анын таасири күндөн-күнгө күч алууда. Бирок, COVID-19 улам келип чыккан кризис билим берүү системасына катуу таасирин тийгизип, дээрлик бардык өлкөлөр 2020-жылы мектептерин убактылуу жапкан. Мындан улам, пандемиянын биринчи толкунунан тартып, өлкө башчылары окуу жылын үзгүлтүккө учуратпоого көңүл бурушту. Натыйжада, билим берүү мекемелеринде санариптик технологияларды колдонуу зарылдыгы жаралып, бүтүндөй билим берүү системасынын парадигмасы өзгөрүүлөргө дуушар болду. Мындай илимий революция өз учурунда өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө илимий кризисти пайда кылып, окуучуга билим берүүдөн мурда, мугалимдерди кайрадан окутуу маселесин жаратты. Бул макалада болочок мугалимдерин маалымат технологияларды эффективдүү колдонууга даярдоо үчүн зарыл болгон педагогикалык шарттар жана көйгөйлөр каралмакчы.

**Аннотация:** Сегодня информационные технологии являются важной частью нашей повседневной жизни, и их влияние день ото дня набирает силу. Однако кризис, вызванный COVID-19, чрезвычайно затронуло и образовательную систему: почти все страны временно закрыли свои школы в 2020 году. Это создало потребность использования цифровых технологий в учебных заведениях, и изменило парадигму всей системы образования. После первого этапа пандемии национальные правительства сосредоточились на обеспечении непрерывности учебного года. Хотя пандемия представляет собой общую нить, страны по-разному пережили кризис в зависимости от характеристик их систем образования и основных проблем, которые выявил кризис. В нашей стране подобная образовательная революция вызвала множество проблем, сложившихся в данной ситуации. В данной статье будут рассмотрены педагогические условия и проблемы, необходимые для эффективного использования педагогами информационных технологий в их профессиональной деятельности.

**Annotation:** Today, information technology is an important part of our daily lives, and its influence is gaining strength day by day. However, the crisis caused by COVID-19 has also affected the educational system extremely, with almost all countries temporarily closing their schools in 2020. This has created a need for the use of digital technologies in educational institutions, and has changed the paradigm of the entire education system. Since the first phase of the pandemic, national governments have focused on ensuring the continuity of the school year. While the pandemic is a common thread, countries have experienced the crisis in different ways depending on the characteristics of their education systems and the underlying issues that the crisis has revealed. In our country it caused many problems that developed during its time. This article will consider pedagogical conditions and problems necessary for effective use of information technology by teachers.

**Негизги сөздөр:** Санариптик технологиялар, смарт класстары, билим берүү, болочок мугалимдер, башталгыч класс, башталгыч класстын мугалимдери.

**Ключевые слова:** цифровые технологии, смарт классы, образование, будущие учителя, начальная школа, учителя начальных классов.

**Keywords**: digital technologies, smart classrooms, education, future teachers, primary school, primary school teachers.

Билим берүүнүн глобалдашуусу санариптик технологияларды колдонуу муктаждыгын жаратты. Бул көрүнүштү түшүнгөн билим берүү мекемелери санариптик технологияларды өз ишине камтуу жолдорун издөөдө. Тактап айтканда, мобилдик түзүлүштөр, смарт тактaлар, планшеттер, ноутбуктар, виртуалдык лабораториялар сыяктуу жаңы технологиялардын жардамы менен мектептердеги жана билим берүү мекемелердеги илимий революцияны жаратууда. Бул өз учурунда, баштапгыч класстын окуучуларын тарбиялоодо чоң роль ойноп, болочоктогу мугалимдердин санариптик технологияларды колдоно билүү чеберчилигин артыруу зарыл экендигин көргөздү.

Жалпы орто билим берүүчү мекемелердин окуу процессин санариптештирүүнүн негизги максаты билим берүү аркылуу окуучуларды заманбап, санариптүү коомдо жашоого даярдоо болуп саналат.

Буга чейин онлайн платформалар ресурстарды бөлүшүү, билим берүү мекемелеринин күнүмдүк ишин башкаруу жана баалоо үчүн жеткиликтүү болуп келсе, COVID-19 пандемиясы жалпы окуу жайларды жана билим берүү системасын аксатпоо үчүн онлайн окутуу режимин кабыл алууга мажбурлады. Ошол мезгилде окуучулар менен мугалимдердин ортосундагы мамилеге толугу менен технологиялык куралдар ортомчу болуп, «шашылыш аралыктан билим берүү» деп аталган көрүнүш келип чыкты [3]. Билим берүү борборлору виртуалдык мейкиндикке айланып, билим берүүнү улантуу үчүн виртуалдык чөйрө катары кызмат кылышты.

Өнүккөн өлкөлөр мындай күтүлбөгөн илимий революция менен иш алып барууга жакшы жабдылган. Бирок өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө, анын ичинде биздин өлкө, бул талапты аткаруу үчүн көп кыйынчылыктарга дуушар болду. Буга байланыштуу, 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан «Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы» деп бекитилген өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы иштелип чыгып, санариптик технологияларды ар тараптуу колдонуу зарылдыгын белгиледи. Ошондуктан коомдун учурдагы өнүгүшүнүн башкы багыттарынын бири болуп эсептелген билим берүүнү маалыматташтырууда, окуучулардын таанып-билүү билгичтиктерин калыптандыруу биринчи планга коюлуп жатат. Бул максатты жүзгө ашырыш үчүн окутуу процессин интенсификациялоодо жаңы психологиялык-педагогикалык

иштелмелерди киргизүүнү, өнүктүрүүнү окутуунун идеяларын, билим берүүнүн формаларын жана методдорун өркүндөтүүнү камсыздандырыш керек [6, 23-б.]. Мындан улам, өлкөнүн билим берүү системасында 2 негизги көйгөй келип чыкты:

- окуу жайларды санариптик технологиялар менен жабдуу;
- болочок жана азыркы мугалимдерди, санариптик технологияларды колдоно билүү максатында, усулдук даярдыктан өткөрүү.

Биринчи маселени чечүүдө түздөн-түз өлкөнүн жана андагы ар бир жарандын материалдык жагдайы гана керектелсе, экинчи маселе Кыргызстандагы билим берүү системасын түп орду менен кайрадан карап чыгууну талап кылат. Бул маселени чечүүдө түздөн-түз тажрыйбалуу жана өнүккөн өлкөлөрдүн билим берүү системасына көз чаптырып, алгач жогорку окуу жайлардагы окутуу системасынан баштоо шарт. Анткени, учурда эмгектенип келе жаткан, тажрыйбалуу мугалимдер үчүн «илимий революция» бир топ кыйынчылыктарды туудурса, «болочок мугалимдерге» мындай жаңылыкты киргизүү кыйла жеңил жана кыска убакыттын ичинде ишке ашмакчы. Буга себепчи факторлор болуп, алардын жаш курагы, кабыл алуу жөндөмдүүлүгү жана алгачкы этаптан тартып санариптик технологиялар менен бирге билим алуусу болмокчу.

Болочок мугалимдерди санариптик технологияларды колдонууга даярдоо өз ичине теориялык да, практикалык да компоненттерди камтыйт. Теориялык курстар мектептеги жана дисциплиналар аралык предметтер боюнча негизделсе, практикалык тренингдер болочок мугалимдердин кесиптик ишмердүүлүгүндө натыйжага жетишүүсү үчүн абдан маанилүү.

Коюлган максатты ишке ашырууда биринчиден, мугалимдер маалымат технологиялары билим берүү жана билим алуу процесстерин бир топ жакшырта алаарын жана алардын азыркы күндөгү маанилүүлүгүн түшүнүп, ар кандай санариптик инструменттер менен программалык камсыздоолор, анын ичинде аппараттык жана программалык түзүлүштөр, компьютерлер, планшеттер, смартфондор жана башка санариптик инструменттер билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн мыкты каражат экендигин аңдай билүүсү шарт.

Ал эми экинчи кадам, санариптик сабаттуулукту өнүктүрүү болуп саналат. Тактап айтканда, мугалимдер маалыматты чогултуу, иштеп чыгуу жана баарлашуу үчүн технологияны колдоно билүүсү зарыл. Алар билим алуу процессин өркүндөтүү үчүн, интернеттен маалымат издөөнү,

ага сын көз караш менен баа берүүнү, андан сырткары, текстти иштетүү, электрондук таблицаларды түзүү жана презентация сыяктуу программалык камсыздоолорду колдоно билүүсү керек. Ошондой эле, уюлдук техниканы, электрондук почтаны, социалдык медианы жана башка онлайн платформаларды колдонуп, ата-энелер менен болгон карым-катнашта да натыйжалуу иш алып бара алууну талап кылат. Мындай инновациялык билим берүү платформаларын түзүү жана билим берүү процессинде тармактык өз ара аракеттенүүнү өнүктүрүү мурда болгон милдеттердин комплексин чечүүгө мүмкүндүк берет.

Болочок мугалимдерди адис катары калыптандырууда санариптик көндүмдөрдү өнүктүрүүгө гана көңүл бурбастан, маалымат жана коммуникация технологияларынын (МКТ) чыгармачылык потенциалын да кабылдап, аны окутуу ыкмаларына киргизүүнүн жолдорун изилдөөбүз шарт. Учурда билим берүү практикасында көбүн эсе санариптик технологияларды үстүртөн же класска даярдануу, жеке баарлашуу, текстти иштетүү, слайд, презентациялар же маалымат издөө сыяктуу негизги тапшырмалар үчүн гана колдонушат. Мугалимдер, көбүнчө маалымат жана коммуникация технологияларын колдонууга даяр эмес жана жаңы методикалык ыкмаларды кабыл алуу үчүн жетиштүү стимул жок деп эсептешет. Норвегиялык окумуштуулар, Ф.М. Рокенес жана Р. Дж. Крумсвик билим берүү технологиясында мугалимдерди даярдоонун бир катар ыкмаларын аныкташкан [1, 254-б.]. Алар кийинчерээк бул ыкмалардын натыйжалуулугун атайын окутуу программасында колдонуп көрүү менен төмөндөгүдөй категорияларга бөлүп карашат:

- Биргелешип иш алып баруу:

Бул ыкма онлайн форумдарды, видеоконференция системаларын, социалдык тармактарды, веб 2.0 куралдарын (мисалы, онлайн биргелешкен документтер), блогдорду жана биргелешкен окуу үчүн атайын программалык камсыздоону камтыйт. Бул иш-чаралар ар кандай географиялык аймактардан келген студенттер, мугалимдер, тренерлер, адистер жана изилдөөчүлөр сыяктуу ар кандай адамдардын катышуусу менен кызматташтыкты байытууга мүмкүндүк берет.

- Метакогнитивдик мамиле: окутуунун бул формасында мугалим санариптик

технологиялар колдонулган ар кандай кырдаалда өзүнүн ой-пикирин, жүрүм-турумун жана кесиптик иш-аракеттеринин терс натыйжаларын талдоо аркылуу дидактикалык ишмердүүлүк жөнүндө ой

жүгүртүүнү жүзөгө ашырууга багытталган. Бул ыкманы колдонгон тренинг тажрыйбалары, мисалы, онлайн коммуникация куралдарын, видеолорун же класстарда МКТны колдонууга критикалык баа берүүнү стимулдаштыруу үчүн микро окутууну ишке ашырат. Мындан улам, болочок мугалимдердин теориялык жактан терең билимге ээ болуу, санариптик технологияларды окуу планына киргизүү менен өз кесибинде туура чечимдерди негиздөө жана түшүнүү зарылдыгы туулат.

Санариптик компетенттүүлүктү өнүктүрүүдө, практикалык МКТ иш-чаралары баалуу болгону менен, болочок мугалимдерден окутуу практикасында технологияларды колдонууга багытталган аргументтерди иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн теориялык даярдык талап кылынат [4, 244-б. ].

- Моделдештирүүгө негизделген ыкма: класста санариптик технологияларды интеграциялоого байланыштуу чыныгы таасирин тийгизе турган конкреттүү иш-аракеттер боюнча көрсөтмөлөрдү же окутуу стратегиялары боюнча жетекчиликти камсыз кылуучу, насаатчы катары иштеген устаттарды (тренерлерди) камтыйт. Алар билим берүү процессинин ар кандай кырдаалардын демонстрация, көргөзмө куралдарды колдонуу менен сунуштоого жана белгилүү бир тажрыйбаларды жайылтууга умтулушат. Тренерлер МКТны билим берүү тармагында колдонуу боюнча так, ачык жана түшүнүктүү кылып, педагогикалык жагдайда тиешелүү тажрыйбалар, мисалдар жана стратегиялар менен бөлүшсө, болочок мугалимдердин билим берүүдөгү санариптик компетенттүүлүгү кыйла жогорулайт. Мындай иш аракеттин натыйжасында, тренерлер, МКТны туура колдонууга багыттоо менен, психологиялык көйгөйлөрдү талкуулап, санариптик ресурсту окутуу процессине кантип пайдалануу керектигин түшүндүрүп, көрсөтүп берүү сыяктуу стратегияларды колдонуп, болочок мугалимдин санариптик көндүмдөрүнө оң таасирин тийгизет. Бирок, мындай ыкманын айрым терс жактары дагы жок эмес, мисалы, моделдөөдөн мурда, мугалимдин билим берүүдөгү пассивдүү ролу, "моделдеги" санариптик компетенттүүлүктүн жетишсиз деңгээде болушу, бул ыкманын алсыз тарабы.

- Реалдуу окутуунун ыкмасы, мугалимдин билим берүү контекстине ылайыктуу анык кырдаалды чагылдырган окуу иш-аракеттерин жана долбоорлорун камтыйт. Билим алуунун бул режими болочок мугалимдерди санариптик технологияларды камтыган реалдуу окутуу практикасын иштеп чыгууга, ишке ашырууга жана баалоого

үндөйт. Бул чөйрөдө эксперт катары каралган тренерлер, атайын окуу материалдарын түзүп, мүмкүн болушунча процессти жетектөөнү сунушташат. Тажрыйбанын бул түрү теория менен практиканын ортосундагы айырмачылыкты жоюуга жардам берип, болочок мугалимге активдүү жана натыйжалуу билим берүү процессинде класстагы технология менен өз алдынча иштөөсүнө оң таасирин тийгизет.

Болочок мугалимдерди санариптик технологияларды колдонууга үйрөтүүнүн эң эффективдүү жолу бул, технологияларды өз практикасында колдонуу жана мугалимдерге демонстрация, презентацияларга көз чаптыруу менен чектелбестен, реалдуу режимде тажрыйбаларын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн берүү болуп саналат [6, 23-б.].

Мугалимдер технологияны үйрөнүү боюнча олуттуу тажрыйбаларды талап кылат, анткени алар санариптик инструменттердин окуу жана окутуу процессиндеги реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүү үчүн көп кыйынчылыктарга дуушар болушат. Бул өз учурунда аларды өз сабактарында колдонууга ишенимин төмөндөтөт. Демек, мугалимдерге практика жүзүндө алектенүүгө шарт түзүү – бул алардын санариптик окутуу көндүмдөрүн өнүктүрүү жана өз ишинин натыйжалуулугун кабыл алуусу үчүн абдан маанилүү.

Санариптик технологияларды окуу планына интеграциялоодо болочок мугалимдерди даярдоо бир нече факторлор менен коштолмокчу:

- технологиянын билим берүү процессиндеги ролу;
- болочок мугалимдердин практика жүзүндө өзүн санариптик технологияны колдоно билген кесипкөй адис катары көз карашын калыптандыруу;
- теория жана билим берүү практикасынын ортосундагы айырмачылыктарды жоюу.

Натыйжада, санариптик жана медиа-маалыматтык сабаттуулукту кеңейтүү, билим берүүдөгү эң негизги максат болгон – билим берүүнүн сапатын жакшыртууга мүмкүндүк берип, билим берүү чөйрөсүн калыптандырууга жол ачат [5]. Болочок мугалимдерди санариптик технологияларды билим берүү тармагында колдонууга даярдоодо, аларды техникалык билим, билгичтик, көндүмдөр жана ресурстар менен гана камсыз кылуу эмес, инновациялык жол менен адаптациялоого ой жүгүртүүсүн калыптандыруу зарыл. Мугалимдер

окуучулардын муктаждыктарына жооп берүү үчүн, жаңы санариптик технологияларды, ыкмаларды, өзгөрүүлөрдү кабыл алууга жана дайыма эксперимент жүргүзүүгө даяр болуусу шарт.

Жыйынтыктап айтканда, мугалимдерди үзгүлтүксүз даярдоонун негизги компоненти катары санариптик компетенттүүлүктү өнүктүрүү саналат. Ал үчүн санариптик технологияларды педагогикалык жактан колдоно билүүгө багытталган, мугалимдердин билимин өркүндөтүү боюнча комплекстүү усул-ыкмаларды иштеп чыгуу кажет. Мындан улам, мугалимдердин санариптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн эң эффективдүү модели болуп, санариптик технологияларды окутууга интеграциялаган тажрыйбалар каралмакчы. Мугалимдерди даярдоо программаларында санариптик технологияларды окутуу практикасына интеграциялоо үчүн зарыл болгон рефлексивдүү билимдер жана көндүмдөр иштелип чыгуусу шарт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Røkenes FM, Krumsvik RJ. Development of Student Teachers' Digital Competence in Teacher Education – A Literature Review. *Nordic Journal of Digital Literacy*. 2014. – № 9. – P. 250-280.

2. Абдрахманов Д. А. Особенности разработки электронных учебных курсов для дистанционной формы обучения // Интеграционные основы совершенствования системы высшего образования: сб. науч. тр. – Бишкек, 2001. – С. 79-86.

3. Билим берүү чөйрөсүн ММС элементтери менен өнүктүрүү Концепциясы, http://kao.kg/wpcontent/uploads/2019/06/%D0%9A%D0%BE%D0%BD%D1%86%D0%B5%D0%BF%D1%86%D0%B8%D1%8F_06.2019-.pdf

4. Курамаева, Т.А. Башталгыч класстын окуучуларынын маалыматтык компетенттүүлүгүн калыптандырууда маалыматтык технологиялардын ролу [Текст] / Т.А. Курамаева, С. Чолак //Ж. Баласагын ат. КУУнун Жарчысы. – 2015. – 243-246-бб.

5. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги : "Кыргыз Республикасынын билим берүү системасына санариптик билим берүүнү киргизүү боюнча методикалык колдонмо", file:///C:/Users/%D0%9C%D1%8D%D1%8D%D1%80%D0%B8%D0%BC/Documents/%D1%81%D0%B0%D0%BD%D0%B0%D1%80%D0%B8%D0%B

F%D1%82%D0%B8%D0%BA%20%D0%B1%D0%B8%D0%BB%D0%B8%D0%BC.pdf

6. Мааткеримов, Н.О. Заманбап маалыматтык технологияларды лицейдин окуу процессинде колдонуунун шарттары [Текст] / Н.О. Мааткеримов, С. Кылыч // К.Тыныстанов ат. ЫМУнун Жарчысы. – 2015. – № 40 (2). – 22-28-бб.

УДК: 37.013.73

**Асипова Н.А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Асипова Н.А.**
КНУ им. Ж.Баласагына
**Asipova N.A**
KNU J. Balasagyn

## ПЕДАГОГИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕРДИ ИЗИЛДӨӨДӨГҮ ЖАНА ИЛИМИЙ-ПЕДАГОГИКАЛЫК КАДРЛАРДЫ ДАЯРДООДОГУ КӨП ПАРАДИГМАЛДУУЛУК ЖАГДАЙ

## ПОЛИПАРАДИГМАЛЬНЫЙ ПОДХОД В ИССЛЕДОВАНИИ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ПРОБЛЕМ И ПОДГОТОВКЕ НАУЧНО-ПЕДАГОГИЧЕСКИХ КАДРОВ

## POLYPARADIGM APPROACH IN THE STUDY OF PEDAGOGICAL PROBLEMS AND IN THE TRAINING OF SCIENTIFIC AND PEDAGOGICAL PERSONNEL

**Аннотация:** Макалада Кыргыз Республикасындагы педагогикалык проблемаларды изилдөөдө жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоодогу көп парадигмалдуулук жагдайдын илимий-методологиялык мааниси ачыкталат. Көп парадигмалдуулук жагдай педагогикалык кубулуштарды изилдөө жана илимий-педагогиалык кадрларды даярдоо процессинде илимий милдеттерди аныктоо, илимий маселелерди чечүүдө, изилдөөлөрдү системалаштыруу жана алардын натыйжаларын чечмелөөдөгү маанилүү ыкма катары каралат. Ошондой эле болочок педагогдордун илимий иштеринин мазмунун жана методдорун аныктоонун теориялык негиздери жана калыптандыруучу ж.б.